УДК 94(575.2) “1991/2010”:316.75
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-441-444

**АЛЫМКУЛОВ А., АБДРАХМАНОВ Т.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**АЛЫМКУЛОВ А., АБДРАХМАНОВ Т.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**ALYMKULOV A., ABDRAKHMANOV T.**
KNU Jusup Balasagyn

# ДҮЙНӨЛҮК КЫРДААЛ ЖАНА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ РЕВОЛЮЦИЯЛЫК ПРОЦЕСС

## МИРОВАЯ СИТУАЦИЯ И РЕВОЛЮЦИОННЫЕ ПРОЦЕССЫ В КЫРГЫЗСТАНЕ

## GLOBAL CONTEXT AND REVOLUTIONARY PROCESSES IN KYRGYZSTAN

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада дүйнөлүк геосаясий жана саясий-экономикалык кырдаал жана анын Кыргызстандагы революциялык процесстерге тийгизген таасири каралат. XXI кылымда глобалдашуу күчөп, дүйнө мамлекеттери бири-бири менен тыгыз байланышта өнүгүп жатат. Дүйнөлүк экономикалык кризистер, геосаясий чыңалуулар, ири державалардын атаандаштыгы жана эл аралык уюмдардын саясаты өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ички абалына түз же кыйыр түрдө таасир этүүдө. Кыргызстан да бул процесстерден четте калган жок. Макалада Кыргызстандагы революциялык кырдаалдардын келип чыгышы дүйнөлүк тенденциялар менен байланышта каралат. Ошондой эле макалада дүйнөлүк кырдаал менен ички саясий процесстердин өз ара байланышын изилдөө Кыргызстандагы революциялык көрүнүштөрдү тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн жыйынтыктары өлкөнүн келечектеги туруктуу өнүгүүсү үчүн маанилүү тыянактарды чыгарууга шарт түзөт.

**Аннотация:** В статье рассматриваются мировая геополитическая и политико-экономическая ситуация и её влияние на революционные процессы в Кыргызстане. В XXI веке процессы глобализации усиливаются, и государства мира развиваются в условиях тесной взаимосвязи. Мировые экономические кризисы, геополитическая напряжённость, соперничество крупных держав, а также политика международных организаций оказывают прямое и косвенное влияние на внутреннее состояние развивающихся стран. Кыргызстан также не остался в стороне от этих процессов. В статье происхождение революционных ситуаций в Кыргызстане рассматривается в связи с мировыми тенденциями. Также исследование взаимосвязи глобальной ситуации и внутренних политических процессов позволяет более глубоко понять революционные явления в Кыргызстане. Результаты исследования создают основу для выработки важных выводов, направленных на обеспечение устойчивого развития страны в будущем.

**Abstract:** The article examines the global geopolitical and political-economic situation and its impact on revolutionary processes in Kyrgyzstan. In the 21st century, globalization has intensified, and countries around the world are developing in close interconnection. Global economic crises, geopolitical tensions, competition among major powers, and the policies of international organizations exert both direct and indirect influence on the internal conditions of developing countries. Kyrgyzstan has not remained unaffected by these processes. The article examines the origins of revolutionary situations in Kyrgyzstan in connection with global trends. The study of the interrelationship between the global context and domestic political processes allows for a deeper understanding of revolutionary phenomena in Kyrgyzstan. The results of the study provide a basis for drawing important conclusions aimed at ensuring the country’s sustainable development in the future.

**Негизги сөздөр:** Вестфаль; Версаль; Потсдам; либерализм; неолиберализм; Ф. Фукуяма; «башкарылма хаос»; «Вашингтон консенсусу»; «Пекин консенсусу»; «шок терапиясы»; революция.

**Ключевые слова:** Вестфальская система; Версальская система; Потсдамская система; либерализм; неолиберализм; Ф. Фукуяма; «управляемый хаос»; «Вашингтонский консенсус»; «Пекинский консенсус»; «шоковая терапия»; революция.

**Keywords:** Westphalian system; Versailles system; Potsdam system; liberalism; neoliberalism; F. Fukuyama; “managed chaos”; “Washington Consensus”; “Beijing Consensus”; “shock therapy”; revolution.

**“Башкарылма хаос” жана “дүйнөлүк жаңы тартип”**. Азыркы учурда адам цивилизациясы радикалдык өзгөрүүлөрдү башынан кечирип жатат. Орто кылымдын соңунан башталган глобалдашуу жаратып, кызыкчылыктар менен конфликттерди тең салмактоочу коллективдүү системалар бузулуп, планета дүйнөлүк лидер болгон бир гана мамлекеттин – АКШнын колуна өттү. Белгилүү болгондой, буга чейин Вестфаль (1648-ж.), Версаль (1919-ж.) жана Потсдам (1945-ж.) доорлорунун системалары бир нече мамлекеттердин көзөмөлүндөгү салмактуулукту коллективдүү механизмдери болгон. Бул доорлордо дүйнө өлкөлөрү туруктуулук системалар менен жашап, белгилүү багытта өнүгүп, глобалдык маселелерди кеңешип чечип келишкен [1].

Ал эми СССР менен кошо жоголгон дүйнөлүк биполярдык система туруктуулуксуз жана туруктуу түзүмсүз, синергетиканын «башкарылма хаосуна» негизделген америкалыктардын «дүйнөлүк жаңы тартиби» менен өнүгүп, З. Бжезинский айткандай, «автопилот менен бараткан самолеттой» улам ылдамдап, белгисиз багытта уланууда. Глобалдык маанидеги «башкарылма хаос» реалдуулукка айланып, эл аралык саясий-укуктук түшүнүктөргө туура келбеген, алар менен тескелбеген, жөнгө салынбаган «гибриддик революция», «гибриддик согуш», «гибриддик экономика», «гибриддик мамлекеттүүлүк» деген жаңы феномендерди жаратып, алар жаңы пайда болгон расмий статусу жок мамлекеттүүлүктөрдү жаратууда. Муну менен эл аралык саясий-укуктук системалар, БУУ баш болгон эл аралык уюмдар четке кагылып, ондогон мамлекеттердин келечектеги статусу, көз карандысыздыгы, чек аралары бүдөмүктүү болууда.

Эң негизгиси, дүйнөлүк коомчулуктун, дүйнө мамлекеттеринин мындан аркы өнүгүү багыттары, келечек тагдыры бүдөмүк бойдон турат. Тарыхты түшүндүрүүнүн түз сызыктуу (линейная) концепциясына таянган тарыхый материализмдин формациялык концепциясы боюнча буга чейинки дүйнөлүк тарых бир экономикалык формациядан кийинки формацияга өтүп, өнүгүп келген социалдык организмдердин тартибин түшүндүргөн. Азыр бул концепция жана тартип тарыхтын таштандысына калды.

Ал эми тарыхты түз сызыктуу эмес (нелинейная) концепциясына негизделип, азыркы мезгилдердеги дүйнө өлкөлөрүнүн саясий, экономикалык, социалдык өнүгүү багытын аныктап келген консерватизм (XVII к. чейин), либерализм (XVII–XIX кк.), неолиберализм (XX к. биринчи жарымында), неоконсерватизм (XX к. экинчи жарымында) сыяктуу дүйнөлүк идеологиялык платформалар улана албай кризисте турат. Ошентип, XX–XXI кылымдар тогошкон чейрек кылым аралыгында дүйнө коомчулугунун өнүгүү багыты, келечектеги дүйнөнүн модели жөнүндө эч кандай айкын түшүнүк жарала элек. Ф. Фукуяманын «Тарыхтын соңу» теориясына ылайык цивилизациянын бир бөлүгү магдыроо, экинчиси апатияга алдырылып, катастрофалык хаоско сүрүлүп барат.

Албетте, кандайдыр бир деңгээлде бул проблеманы чече турган нерсе катары «Вашингтондук консенсус» жана ага альтернатива болгон «Пекин консенсусту» айтса болот. Бирок «Вашингтон консенсусу» өзүн актай алган жок, ал эми «Пекин консенсусту» кеңири жайыла элек. Айтор, XXI кылымдын башында цивилизация туңгуюкка кептелип, азырынча мындан ары өнүгүү жолунун оптималдуу багытын таппай, «башкарылма хаоско» чөмүлүүдө[1; 2].

Кыргызстанды революциялык жолго салган кыйчалыш дүйнөдө, мына ушундай «башкарылма хаостун» шартында көз каранды эместикке жаңыдан жетишип, кыйсыпыр түшкөн дүйнөлүк системадан өзүнүн татыктуу ордун табууга аракеттенип жаткан, анын үстүнө дүйнөлүк өтө маанилүү геосаясий чөлкөмдө жайгашкан Кыргызстанга өтө оор болууда. Чейрек кылым өтсө да толук туруктуулукка ээ боло албаган Кыргызстан өзүнүн өнүгүү багытын, ага ылайык түзө турган оптималдуу саясий системасын, рационалдуу экономикалык базисин жана алардын негизинде кура турган мамлекеттин моделин так аныктай албай перманенттик революциялык ситуацияда болуп келди.

Натыйжада, «башкарылма хаостун» бир субъектиси, болгондо дагы Борбордук Азиядагы маанилүү геосаясий субъектиси болгон Кыргызстан узакка созулган жана бир нече стадиялардан турган революциялык процесстин айлампасына калды. Белгилүү болгондой, кеңири сценарий боюнча, Кыргызстан эң башында эле консервативдүү стабилдүүлүк жана эволюциялык реформаларга негизделген КМШ өлкөлөрүнөн айырмаланып, «Вашингтон консенсуска» кошулуп, анын бардык шарттарын аткарууга өткөн. «Шок терапиясына» негизделген бул

радикалдуу революциялык жол Кыргызстандын шартында социалдык-экономикалык чөйрөдөн чыгып, саясий чөйрөгө дагы жайылып кеткендиктен чейрек кылым аралыгында өлкөдө март (2005ж.) революция болуп өттү. Буга карабастан, революциялык процесс аяктаган жок, Кыргызстанды советтик тоталитардык системадан постсоветтик либералдык-демократиялык коомго трансформацияланган өткөөл мезгил соңуна чыкты деп айтыш кыйын.

**Доор алмаштырган революция**

Ырас, постсоветтик Кыргызстанда «Жибек революциясы» деген аталышта 1991-жылы болгон биринчи революция, кийинки революцияларга салыштырмалуу жеңил жана тынч өткөнү менен кардиналдуу өзгөрүүлөрдүн революциясы болгон. Кыргызстан тоталитардык коммунисттик бийликтен жана советтик системадагы республикадан постсоветтик демократиялык мамлекетке айланды. Ал Конституциялык түзүлүштү, партиялык-саясий системаны, тоталитардык идеологияны жана элдин аң-сезимин түп тамырынан бери өзгөртүп, коомду күнкорлуктан бошотуу менен жаңы мамлекетти жаратты. Советтик мамлекеттүүлүктүн негизин түзгөн мамлекеттик менчиктин негизги бөлүгүн жеке менчикке өткөрүп, өндүрүш күчтөрү менен өндүрүш мамилелерин революциялап, либералдык-рыноктук экономиканы түптөдү. Социалдык маселелерди чечүүдө советтик-социалисттик мүнөздөгү социалдык мамилелер жоюлуп, монетардык принциптерге өткөн.

Айтор, мындай иштерден улам, либералдык-демократиялык коомго багыт алган Кыргызстандын стратегиялык максаттары айкын көрүнүп, ушул арада өлкө ал максаттарга радикалдуу революцияларсыз эле «жогоркулардын» революциясы (реформалар) аркылуу тынчтык негизинде гана жетишчү өңдөнгөн. Тилекке каршы, Кыргызстан тарыхтын мындай мүмкүнчүлүгүн пайдалана албай калды.

**Революциядан революциялык процесске**

Тилекке каршы, жаңы бийликтин термидориандык «жылма төңкөрүш» аракети жана үй-бүлөлүк авторитардык бийликти орнотуу максаттары 2005-жылкы «жоогазындар» революциясына алып келди. Муну менен Кыргызстан постсоциалисттик Чыгыш Европа өлкөлөрүндөй болуп бир дем, бир гана «жибек» революциясы менен стабилдүү, бакубат жана демократиялуу мамлекет куруп алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап, узак жана татаал революциялык процесске өттү. Анын негизинде 2010-жылы кандуу апрель революциясы дагы Кыргызстандын тарыхында өз ордун алды [2; 7; 11; 12].

Бул жолу революциялык ситуация курчуураак, революциялык риторика катуураак, революциялык масса агрессивдүү болуп, мүлктүк жана саясий каракчылык (мародерчилик) менен криминалдык чөйрө саясатка аралашып, этникалык араздашуулар башталган. Бирок революция эң жакшы тилек жана идеалдар үчүн ишке ашырылганы менен түпкү максатына жетпей, «уурдалды», коом күткөн принципиалдуу өзгөрүүлөр аягына чыккан жок. Саясий бийлик кыска убакытта жана көз көрүнөө узурпацияланып, кландык-бонапартисттик диктатура тибине оой баштады.

**Кылчытын тизгиндеги Кыргызстанга кандай революция керек?**

Жыйынтыктап айтканда, постсоветтик Кыргызстандагы революциялык процесстин жүрүшүндө болгон үч революция тең өз учурунда тарыхый миссияларын кандайдыр бир деңгээлде аткарды. Кандай гана революция болбосун, ал фанатик жана авантюристтер ишке ашырган кыска мөөнөттүк эле акция болот. Ал эми революциянын идеалдары менен максаттарын ишке ашыруу революциядан кийинки бийликке келгендердин революциялык реформаларынын натыйжасында ишке ашырылыш керек эле [2; 10].

Демек, Кыргызстандагы революциялык процесстин түпкү максатына жетүү үчүн баррикадалык көчө революциясы эмес, бийликтин моралдык-этикалык тазаланышы, коомдук көз караштын, коомдук аң-сезим менен коомдук саясий маданияттын революциясы керек экени маанилүү болчу.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абдырахманов, Т. А. Кыргызская Республика в период демократического транзита: власть и общество / Т. А. Абдырахманов. – 2-е изд., доп. – Бишкек, 2013. – 300 с.
2. Абдырахманов, Т. А. Феномен революции / Т. А. Абдырахманов. – Бишкек, 2016. – 252 с.
3. Абдырахманов, Т. А. Технология «бархатных революций» // Вестник КГУ им. И. Арабаева. Серия: Гуманитарные науки. – Бишкек, 2010. – Вып. 1.
4. Абдырахманов, Т. А. Специфика «бархатных революций» // Вестник КГУ им. И. Арабаева. Серия: Гуманитарные науки. – Бишкек, 2010. – Вып. 1.
5. Алымкулов, А. Т. Элдик революция / А. Т. Алымкулов. – Бишкек, 2021. – 284 б.
6. Акунов, А. Кыргызстан эгемендик доорунда (1991–2021) / А. Акунов. – Бишкек, 2021. – 1040 б.
7. Апрельская народная революция: уроки истории и взгляд в будущее Кыргызстана. – Бишкек, 2011. – 172 с.
8. Доор жаңырткан элдик ынкылаптар. – 2015. – 301 б.
9. Эл таламын талашкан жыйырма жылдык күрөш. – Бишкек, 2013. – 104 б.
10. Арендт, Х. О революции / Х. Арендт. – Москва, 2011. – 464 с.
11. 7-апрель каармандары. – Бишкек, 2010. – 224 б.
12. 2006 март, 2010 апрелиндеги Кыргызстандагы элдик революциялар: себептери жана натыйжалары. – Бишкек, 2015. – 128 б.


**Рецензент: т.и.д., профессор Омурова Ж.О.**